English-Russian-Kyrgyz Glossary of Terms in Urban Resilience for Kyrgyzstan

Англо-русско-кыргызский глоссарий в сфере жизнестойкости городов для Кыргызстана

Кыргызстан үчүн шаардын жашоо туруштугу тармагындагы англис-орус-кыргыз тилиндеги сөздүк

Chynarkan Saparova

Бишкек 2024

УДК 80/81
ББК 81-4
А 64

А 64 Англо-русско-кыргызский глоссарий в сфере жизнестойкости городов для Кыргызстана. Практ. материал. Сост. и пер.: Ч. Сапарова – Б.: 2024 - 122 с.

ISBN 978-9967-9316-9-5

Данный материал был подготовлен в рамках проекта «Стандартизация терминологии в сфере жизнестойкости городов путем разработки глоссария англо-русско-кыргызских терминов и предоставления его местным органам власти и общественным лидерам в Кыргызстане».

Глоссарий был проверен и одобрен Центром кыргызской энциклопедии и терминологии при Национальной комиссии по государственному языку и языковой политике при Президенте Кыргызской Республики.

Признательность:
Проект по созданию глоссария был реализован при содействии Министерства экономики и коммерции Кыргызской Республики в лице первого заместителя министра Сейитова Ч.С. и его команды.

При составлении глоссария на английском языке международные термины были частично использованы из материалов учебных модулей «Сертификационной программы по жизнестойкости городов», разработанной Высшей Школы Развития, Университета Центральной Азии, Бишкек, Кыргызстан.

Перевод терминов на кыргызский язык был согласован с экспертной группой в составе Рахат Айылчиева, Айнуру Булекбаева, Мээрим Чалбаева, Гульзада Станалиева, Ысмайыл Кадыров, Назгуль Токтоболотова.

О составителе:
Чинара Сапарова выпускница стипендиальной программы Хьюберта Хамфри (2018–2019) финансируемой Государственным департаментов США и в качестве alumni была дважды номинирована малыми грантами от American Councils в Кыргызстане на реализацию проектов в сфере городского планирования. Академический опыт Чинары включает в себя выдающиеся университеты Кыргызстана, Европы и США. Она имеет степень магистра в области политики и практики развития Женевского института, Швейцария, а также Специальной программы городских и региональных исследований Массачусетского технологического института, США.

Заявление об ограничении ответственности:
Данный материал создавался частично на средства Программы малых грантов для выпускников обменных программ, финансируемых Правительством США. Программа малых грантов финансируется Посольством США в Кыргызской Республике и администрируется Американскими Советами по международному образованию. Данный материал не обязательно отражает мнение Посольства США в Кыргызской Республике или Американских Советов по международному образованию.

ISBN 978-9967-9316-9-5

УДК 80/81
ББК 81/4
© Ч. Сапарова

INTRODUCTION

The English-Russian-Kyrgyz Glossary in Urban Resilience is aimed at standardizing the existing terminologies in the urban resilience that frequently used global-wide and transforming them into the local languages and the reality of Kyrgyzstan.

In Kyrgyzstan, initiatives around the urban resilience had started in compliance to the commitment of the Kyrgyz Government to achieve Sustainable Development Goals, which includes Goal #11 which addresses urban development and resilience to natural disasters and protect those in vulnerable situations while also minimizing economic loss.

Although, there are certain projects in the country implemented by development agencies, civil society, and the government entities, some challenges exist in communicating specific terminologies which require technical knowledge.

To ensure the Kyrgyz language accuracy in the field of urban resilience and in compliance to the Constitutional Law of the Kyrgyz Republic "On the state language of the Kyrgyz Republic" adhered on July 17, 2023 No. 140, developing a glossary enables public and local government bodies to implement the public policy and create the conditions for community access to accurate terms and definitions in urban resilience.

The absence of a standardized glossary complicates knowledge transfer within the field. Researchers, policymakers, and practitioners encounter difficulties in sharing insights and best practices when key terms lack universally accepted definitions. This hampers the advancement of urban resilience knowledge and implementation.

The Urban Resilience Glossary has a great potential to be acknowledged and broadly used among the government entities dealing with local governance and regional development issues in Kyrgyzstan.

The glossary has been compiled from global literatures as well as programs initiated by the development agencies and approved by the Center of Encyclopedia and Terminology under the National Commission for the State Language and Policy under the President of the Kyrgyz Republic.

Support for this publication was provided in part by the USG Alumni Small Grants Program, which is funded by the U.S. Embassy in the Kyrgyz Republic and administered by American Councils for International Education: ACTR/ACCELS.

ВВЕДЕНИЕ

Англо-русско-кыргызский глоссарий по жизнестойкости городов направлен на стандартизацию существующих терминов по жизнестойкости городов, которые часто используются в английском языке, и преобразование их на местные языки и реальность Кыргызстана.

В Кыргызстане инициативы по повышению жизнестойкости городов начались в соответствии с обязательствами страны по достижению Целей устойчивого развития, включая Цель № 11, которая направлена на развитие городов и устойчивость к стихийным бедствиям и защиту тех, кто находится в уязвимых ситуациях, а также минимизацию экономических потерь.

Несмотря на то, что в стране существуют определенные проекты на национальном и местном уровнях, направленные на устойчивое развитие, адаптации к изменениям климата, зеленой экономики и т.д., существуют некоторые сложности применения узкоспециализированных терминов на кыргызском языке.

В целях обеспечения точности кыргызского языка в сфере жизнестойкости городов и в соответствии с Конституционным законом Кыргызской Республики «О государственном языке Кыргызской Республики» принятого 17 июля 2023 года № 140, разработка глоссария позволит общественности и органам государственной власти и местного самоуправления в разработке и реализации государственной политики и создания условий для доступа общественности к точным терминам и определениям жизнестойкости городов.

Отсутствие стандартизированного глоссария усложняет передачу знаний в этой области. Когда ключевые термины не имеют общепринятых определений, исследователи, политики и практики сталкиваются с трудностями при обмене идеями и передовым опытом, что препятствует развитию знаний и их реализации в области жизнестойкости городов.

Глоссарий по жизнестойкости городов имеет большой потенциал для признания и широкого использования среди государственных органов, занимающихся вопросами местного управления и регионального развития в Кыргызстане.

Глоссарий составлен на основе мировой литературы, а также программ, инициированных агентствами развития, и был одобрен Центром энциклопедии и терминологии при Национальной комиссии по государственному языку и языковой политике при Президенте Кыргызской Республики.

Поддержка данной публикации была частично оказана Программой малых грантов выпускников правительства США, которая финансируется Посольством США в Кыргызской Республике и администрируется Американскими советами по международному образованию: ACTR/ACCELS.

КИРИШҮҮ

Шаардын жашоо туруштугу тармагында англис-орус-кыргыз тилиндеги сөздүк аталган тармакта англис тилинде көп колдонулган терминдерин кыргыз тилине которуп, аларды стандартташтырууга жана Кыргызстандын контекстине ылайыктоого багытталган.

Кыргызстанда шаарлардын туруштук берүү жөндөмүн жогорулатууга багытталган демилгелер мамлекеттин Туруктуу өнүгүү максаттарына, анын ичинде №11 максатка, шаарларды өнүктүрүүгө жана аярлуу катмардын табигый кырсыктарга туруштук берүүсүнө, ошондой эле экономикалык жоготууларды азайтууга багытталган.

Улуттук жана жергиликтүү деңгээлдеги бир топ долбоорлор дээрлик ишке ашырылып жатса да, бул тармакта жогорку адистештирилген терминдерди кыргыз тилинде колдонууда бир аз кыйынчылыктар бар.

Стандартташтырылган терминдердин жоктугу бул жааттагы билимди өркүндөтүүнү кыйындатат. Эл аралык терминдердин кыргыз тилинде так аныктамалары жок болгондо, изилдөөчүлөр, саясатчылар жана ишкерлер идеяларды жана мыкты тажрыйбаларды мамлекеттик тилде бөлүшүүдө кыйынчылыктарга туш болушат, бул билимди өнүктүрүүгө жана шаарлардын туруштук берүү чөйрөсүндө аны ишке ашырууга тоскоол болот.

2023-жылдын 17-июлунда кабыл алынган №140 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Конституциялык мыйзамына ылайык коомдук жана мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шаарлардын туруштук берүү жаатында мамлекеттик саясатты иштеп чыгууда жана ишке ашырууда жана эл аралык терминдердин кыргыз тилинде тактыгын камсыз кылуу максатында англис-орус-кыргыз тилиндеги сөздүк иштелип чыккан.

Берилген сөздүк дүйнөлүк адабияттардын, ошондой эле өнүктүрүү агенттиктери тарабынан демилгеленген программалардын негизинде түзүлүп, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Кыргыз энциклопедиясы жана терминология борбору тарабынан жактырылган.

Бул басылмага колдоо жарым-жартылай АКШ Өкмөтүнүн Кыргыз Республикасындагы Элчилиги тарабынан каржыланган жана Эл аралык билим берүү боюнча Америкалык Кеңештер тарабынан башкарылуучу Бүтүрүүчүлөр үчүн чакан гранттар программасы тарабынан көрсөтүлдү: ACTR/ACCELS.

Сөздүккө аннотация

Бул сөздүк ааламда тездик менен жүрүп жаткан климаттык өзгөрүүлөрдүн шартында шаарларды пландоо жана турак жайларды өнүктүрүү жаатында эл аралык деңгээлде кеңири пайдаланылып жаткан терминдик түшүнүктөрдүн жыйнагы болуп саналат.

Өлкөдө терминология багытында ишке ашырылып жаткан бир топ мыкты долбоорлор бар экендигине карабастан, техникалык билимди талап кылган конкреттүү терминдик түшүнүктөрдү элге жеткирүүдө айрым кыйынчылыктар бар; анын үстүнө кээ бир терминдердин орусча да, кыргызча да эквиваленти жок учурлар кездешет. Андыктан, ар бир тармакка ылайык өзүнчө терминдердин сөздүгүн чыгаруу учурдун талабы (юридика, айыл чарба, финансы, суу чарба ж.б.), антпесе, көптөгөн чаташтыктар чыга берет. Албетте, терминдерди бирдейлештирүү маселесине кылдаттык менен көңүл буруу керек, себеби бир эле термин ар бир тармакта мааниси жагынан ар башкача колдонулушу мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Кыргыз энциклопедиясы жана терминология борбору электрондук сөздүктөрдүн реестрин иштеп чыгуунун үстүнөн иштеп жатат жана бул сөздүк дагы ошол реестрге кирет деген ишеничтебиз.

Берилген сөздүктө эл аралык терминдерди жана алардын аныктамаларын шаарлардын туруштук берүү жаатындагы эксперт Чынара Сапарованын демилгеси менен даярдалып, иштелип чыкканы жакшы жөрөлгө.

Сөздүк Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Терминология комиссиясынын мүчөлөрү менен тиешелүү адистер тарабынан каралды. Андыктан шаар маселесине кызыккан адистерге сөздүк иш кагаздарын жүргүзүүдө жардам берет деген өңүттө колдонууга сунуштайбыз.

Осмоналиев Темирбек,
Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Кыргыз энциклопедиясы жана терминология борборунун директору-башкы редактор.

Glossary Structure

The glossary was initially compiled in English and translated into the Russian and Kyrgyz languages. Whilst reviewing and editing the terms and their definitions, priority was given to Kyrgyz version, whilst the terms and definitions in Russian serve as a 'bridge' between English and Kyrgyz.

- The English-Russian-Kyrgyz glossary contains 111 terms and their definitions.
- The content of the glossary is based on terms and definitions in English.
- Terms and definitions are placed first in English and followed by translation into Russian and then into Kyrgyz.
- The sequence of terms is arranged in the English alphabetical order.
- Each term is located on a separate page in three shades of selected color.

Структура глоссария

Глоссарий изначально был составлен на английском языке и переведен на русский и кыргызский языки. При рассмотрении и редактировании терминов и их определений приоритет был отдан кыргызской версии, тогда как термины и определения на русском языке служат «мостом» между английским и кыргызским языками.

- Англо-русско-кыргызский глоссарий содержит в себе 111 терминов и их определения.
- Основу глоссария составляют термины и определения на английском языке.
- Термины и определения начинаются на английском языке, под ними дается перевод на русский, а затем на кыргызский языки.
- Последовательность терминов составлены в алфавитном порядке (английского языка).
- Каждый термин расположен на отдельной странице в трех оттенках выбранного цвета.

Сөздүктүн түзүлүшү

Сөздүк алгач англис тилинде түзүлүп, андан соң орус жана кыргыз тилдерине которулган. Терминдерди жана алардын аныктамаларын карап чыгууда жана оңдоодо басым кыргызча вариантына коюлган, ал эми орус тилиндеги терминдер жана алардын аныктамалары англис менен кыргыз тилинин ортосунда "көпүрө" болуп кызмат кылат.

- Англис-орус-кыргыз тилиндеги сөздүк 111 терминди жана алардын аныктамаларын камтыйт.
- Глоссарий англис тилиндеги терминдерге жана аныктамаларга негизделген.
- Терминдер жана аныктамалар англис тилинде башталып, орус тилине уланат жана аягында кыргыз тилинде берилет.
- Терминдердин ырааттуулугу англис тилиндеги алфавиттик тартипте жайгаштырылган.
- Ар бир термин өзүнчө баракта жана үч тилде үч өңдүү кылып берилген.

English-Russian-Kyrgyz Glossary of Terms in Urban Resilience for Kyrgyzstan

Англо-русско-кыргызский глоссарий в сфере жизнестойкости городов для Кыргызстана

Кыргызстан үчүн шаардын жашоо туруштугу тармагындагы англис-орус-кыргыз тилиндеги сөздүк

ACCEPTANCE

Acceptance describes the informed decision to accept the remaining or residual risk.

ПРИНЯТИЕ

Осознанное решение принять оставшийся или остаточный риск.

КАБЫЛ АЛУУ

Тобокелдиктин бар экендигин билип туруп аны кабыл алуу чечими.

ACCIDENT

An incidence that is directly or indirectly caused by humans but happens without planning, for instance, as a consequence of an unintentional or erroneous human action.

НЕСЧАСТНЫЙ СЛУЧАЙ

Ситуация, которая прямо или косвенно вызвана человеком, но происходит без планирования, например, вследствие непреднамеренного или ошибочного действия человека.

КЫРСЫК

Адам баласынын атайылап же туура эмес аракетинен улам пайда болгон күтүүсүз кырдаал.

ADAPTABLE

An adaptable city considers not only foreseeable risks, but also accepts current and future uncertainty. Going beyond redundancy, it diversifies its services, functions and processes by establishing alternatives.

ПРИСПОСОБЛЯЕМЫЙ

Легко приспособляемый город учитывает не только риски обозримого будущего, но и принимает все неопределённости нынешнего и будущего дня. Помимо резервирования своих мощностей, он обеспечивает максимальное разнообразие своих услуг, функций и процессов, создавая альтернативные варианты.

ИЙКЕМДҮҮ, ЫЛАЙЫКТАЛУУЧУ, ЫҢГАЙЛАШУУЧУ

Жеңил ыңгайлашуучу шаар алыскы келечектин болжолдуу коркунучтарын гана эске албастан, бүгүнкү жана эртеңки күндүн белгисиз шарттарын да эске алат. Өзүнө керектүүсүн камдап эле койбостон, ал кошумча жолдор аркылуу ар түрдүү кызмат көрсөтүүлөрдү, милдеттерди жана процесстерди иштеп чыгат.

ADAPTIVE CAPACITY

The adaptive capacity of a system describes its ability to change itself to deal with future disruptions.

АДАПТИВНАЯ СПОСОБНОСТЬ

Способность системы изменяться, чтобы справиться с будущими сбоями.

ЫҢГАЙЛАШУУ ЖӨНДӨМҮ

Системанын (тутумдун) келечекте жаңылыштыктарды болтурбоо үчүн керектүү ыкмаларды колдонуп, өзгөрүү жөндөмү.

ADAPTIVE REUSE

The conversion of outmoded or unused structures, such as buildings and objects of historic value, to new uses or application in new contexts.

ПРИСПОСОБЛЕННОЕ ПОВТОРНОЕ ПРИМЕНЕНИЕ

Преобразование устаревших или неиспользуемых сооружений, таких как здания и объекты, представляющие историческую ценность, с целью их адаптации к новым видам использования или применения в новых контекстах.

ЫЛАЙЫКТАШТЫРЫП КАЙРА КОЛДОНУУ

Эскирген же колдонулбаган курулмаларды, мисалы, имараттарды жана тарыхый баалуу объектилерди жаңы контекстке ылайыкташтыруу максатында кайра пайдалануу же колдонуу.

ADEQUATE HOUSING

Housing recognized as part of the right to an adequate standard of living in international instruments, including conditions for shelter adequacy.

АДЕКВАТНОЕ ЖИЛЬЕ

Жилье, признанное как часть права на достаточный уровень жизни в международных документах, включая условия достаточного жилья.

АДЕКВАТТУУ ТУРАК-ЖАЙ

Эл аралык документтерге ылайык, адамдын татыктуу жашоого болгон укугунун бир бөлүгү катары таанылган жана жетишээрлик шарттарына туура келген турак-жай.

AFFORDABILITY

Housing is not adequate if its cost compromises the occupants' enjoyment of other human rights. Defined as being cheap enough for people to buy.

ДОСТУПНОСТЬ

Жилье не является адекватным, если его стоимость ставит под угрозу осуществление жильцами других прав человека. Определяется как достаточно дешевый продукт, чтобы люди могли его покупать.

ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮК

Эгерде турак жайдын баасы шаар тургундарынын башка укуктарына (татыктуу жашоосуна) жолтоолук кылса, анда ал ылайыктуу эмес. Турак-жайды эл сатып алууга кудурети жетиштүү болсо, анда ал арзан деп аныкталат.

AGGLOMERATION

A large group of many different things collected or brought together: an agglomeration of various ethnic and religious groupings.

АГЛОМЕРАЦИЯ

Большая группа, состоящая из множества разных вещей, собранных или сведенных вместе: скопление различных этнических и религиозных групп.

АГЛОМЕРАЦИЯ

Ар башка жана түрдүү нерселерден түзүлгөн жана бир жерге чогултулган чоң топ: түрдүү этностук жана диний топтордун бир жерге чогулуусу.

AGGLOMERATION ECONOMIES

Benefits from proximity, where higher densities of people and firms in cities foster innovation and economic scale.

АГЛОМЕРАЦИОННАЯ ЭКОНОМИКА

Выгоды от близости, когда более высокая плотность населения и компаний в городах способствует инновациям и экономическому масштабу.

АГЛОМЕРАЦИЯЛЫК ЭКОНОМИКА

Шаардагы калктын жана компаниялардын бири-бирине жакындыгы, жыштыгы инновациялардын жана экономикалык масштабдын өсүүсүнө өбөлгө түзгөн пайда.

ANTICIPATIVE CAPACITY

The ability of a system or an organization to forecast future risks.

СПОСОБНОСТЬ ПРЕДВИДЕНИЯ

Способность системы или организации прогнозировать будущие риски.

КЫРААКЫЛЫК ЖӨНДӨМҮ

Системанын (тутумдун) келечектеги тобокелдиктерди алдын ала билүү (болжолдоо) жөндөмдүүлүгү.

AVOIDANCE

Reducing risk by reducing the exposure to the corresponding risk source, e.g., not carrying out the process that may lead to the hazard.

ИЗБЕГАНИЕ

Снижение риска за счет уменьшения воздействия соответствующего источника риска, например, отказа от выполнения процесса, который может привести к опасности.

БОЛТУРБОО (КАЧУУ)

Тобокелдикти басаңдатуу максатында анын түпкү себебин алдын алуу, мисалы, коркунучка алып келиши мүмкүн болгон процессти аткаруудан баш тартуу.

BIODIVERSITY

The variety of life on Earth, essential for ecosystem services and human survival.

БИОРАЗНО-ОБРАЗИЕ

Разнообразие жизни на Земле необходимо для экосистемных услуг и выживания человечества.

БИОЛОГИЯЛЫК АР ТҮРДҮҮЛҮК

Экосистемалык кызмат көрсөтүүлөр жана адамдын жашоосу үчүн зарыл болгон жер бетиндеги жашоонун көп түрдүүлүгү.

BUILDING BACK BETTER

A movement that advocates for the restoration of communities and assets in a manner that makes them less vulnerable to disasters and strengthens their resilience, by preventing the creation of, and reducing existing, disaster risk.

ВОССТАНОВЛЕНИЕ ПО ПРИНЦИПУ "ЛУЧШЕ, ЧЕМ БЫЛО"

Движение, которое выступает за восстановление сообществ и активов таким образом, чтобы сделать их менее уязвимыми к бедствиям и укрепить их жизнестойкость, снижая существующие риски бедствий и предотвращая возникновение новых рисков.

"МУРУНКУДАН ДА МЫКТЫ" ПРИНЦИБИ БОЮНЧА КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ

Жамааттарды жана мүлктөрдү кырсыктарга азыраак дуушар кылып, алардын туруштук берүүсүн бекемдөө, учурдагы кырсык тобокелдиктерин азайтуу жана жаңы тобокелдиктердин алдын алуу жолу менен калыбына келтирүүнү жактаган кыймыл.

BUILDING CODE

Regulations describing design, building procedures, and construction details.

СТРОИТЕЛЬНЫЕ НОРМЫ И ПРАВИЛА

Правила, описывающие проектирование, строительные процедуры и детали строительства.

КУРУЛУШ ЧЕНЕМДЕРИ ЖАНА ЭРЕЖЕЛЕРИ

Курулуш жол-жоболорун жана иретин баяндаган эрежелер.

BUILT ENVIRONMENT

Human-made (versus natural) resources and infrastructure designed to support human activity, such as buildings, roads, parks, and other amenities.

АНТРОПОГЕННАЯ СРЕДА

Созданные человеком/искусственные (по сравнению с природными) ресурсы и инфраструктура, предназначенные для поддержки человеческой деятельности, такие как здания, дороги, парки и другие удобства.

АНТРОПОГЕНДИК ЧӨЙРӨ

Адам тарабынан түзүлгөн, адамдын ишмердигин колдоого арналган жасалма (табигый эмес) ресурстар жана инфратүзүм, ага имараттар, жолдор, сейил бактар жана башка ыңгайлуу шарттар кирет.

BUSINESS-ENABLING ENVIRONMENT

Context supporting market operations through appropriate policy and regulatory conditions.

БЛАГОПРИЯТНАЯ ДЛЯ БИЗНЕСА СРЕДА

Контекст, поддерживающий рыночные операции посредством соответствующей политики и нормативных условий.

БИЗНЕСКЕ ЫҢГАЙЛУУ ЧӨЙРӨ

Тиешелүү саясат жана ченемдик шарттар аркылуу базардын (рыноктун) жүрүшүн колдоочу шарттар.

CADASTRE

Land information system including geometric description of land parcels.

КАДАСТР

Земельная информационная система, включающая геометрическое описание земельных участков.

КАДАСТР

Жер участокторунун геометриялык сыпаттамаларын камтыган жерге байланыштуу маалымат системасы.

CARBON NEUTRALITY

Carbon neutrality and net zero carbon emissions are similar terms to net zero emissions but are narrower in scope: they only address the addition and removal of carbon dioxide (CO2) from the atmosphere.

УГЛЕРОДНАЯ НЕЙТРАЛЬНОСТЬ

Углеродная нейтральность и чистые нулевые выбросы углерода аналогичны терминам «чистые нулевые выбросы», но имеют более узкую сферу применения: они касаются только добавления и удаления углекислого газа (CO2) из атмосферы.

КӨМҮРТЕКТИК БЕЙТАРАПТЫК

Көмүртектик бейтараптык жана көмүртектин таза нөлдүк чыгындылары адатта "таза нөлдүк чыгындылар" терминине окшош, бирок айрым гана чөйрөдө колдонулат: алар атмосферадан көмүр кычкыл газын (CO2) кошууга жана алып салууга гана тиешелүү.

CITY CRIME PREVENTION AND URBAN SAFETY STRATEGY

Program of action to reduce citywide crime through defined goals and monitoring indicators.

ГОРОДСКАЯ СТРАТЕГИЯ ПРЕДОТВРАЩЕНИЯ ПРЕСТУПНОСТИ И ГОРОДСКОЙ БЕЗОПАСНОСТИ

Программа действий по снижению общегородской преступности посредством определения целей и показателей мониторинга.

ШААРДА КЫЛМЫШТУУЛУКТУ БОЛТУРБОО ЖАНА ШААР КООПСУЗДУГУ СТРАТЕГИЯСЫ

Шаардагы кылмыштуулукту азайтуу боюнча максаттарды жана мониторинг көрсөткүчтөрүн камтыган иш-чаралардын программасы.

CITY REGION FOOD SYSTEMS

Networks of food production, processing, marketing, and consumption in a geographical region.

ГОРОДСКИЕ РЕГИОНАЛЬНЫЕ ПРОДОВОЛЬСТВЕННЫЕ СИСТЕМЫ

Сети производства, переработки, маркетинга и потребления продуктов питания в географическом регионе.

РЕГИОНДОГУ ШААРДЫК АЗЫК-ТҮЛҮК СИСТЕМАЛАРЫ

Географиялык региондо тамак-аш азыктарын өндүрүү, кайра иштетүү, сатуу жана керектөө тармактары.

CLIMATE IMPACT

An effect of climate change on the structure or function of a city or town.

КЛИМАТИЧЕСКОЕ ВОЗДЕЙСТВИЕ

Влияние изменения климата на структуру или функции города или поселка.

КЛИМАТТЫК ТААСИР

Климаттык өзгөрүүнүн шаардын же кыштактын түзүлүшүнө же функциясына тийгизген таасири.

CLIMATE SENSITIVITY

The degree to which exposed people, places, institutions and sectors are impacted, either positively or negatively, by climate change today and the degree to which they could be impacted in the future.

ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ К КЛИМАТУ

Степень, в которой подверженные риску люди, места, учреждения и отрасли подвергаются воздействию (положительному или отрицательному) изменения климата сегодня и степень, в которой они могут пострадать в будущем.

КЛИМАТКА СЕЗИМТАЛДЫК

Адамдардын, жерлердин, мекемелердин жана тармактардын учурдагы климаттык өзгөрүүнүн таасирине (тескери же оң) дуушар болгон жана келечекте анын кесепетинен жабыркоо деңгээли.

CO2

CO2 is the most common and impactful greenhouse gas released by human activities, but not the only one.

CO2

CO2 является наиболее распространенным и опасным парниковым газом, выделяемым в результате деятельности человека, но не единственным.

CO2

CO2 адамдын иш-аракетинин натыйжасында бөлүнүп чыккан эң кеңири таралган жана кооптуу парник газы, бирок бул жалгыз эмес.

"COMPACT CITIES" OR "SMART GROWTH"

Urban development that is compact, resource-efficient, promoting sustainable urban living.

"КОМПАКТНЫЕ ГОРОДА" ИЛИ "УМНЫЙ РОСТ"

Городское развитие, которое является компактным, ресурсоэффективным и способствует устойчивой городской жизни.

"ЖЫЙНАКТУУ ШААРЛАР" ЖЕ "АКЫЛДУУ ӨСҮШ"

Жыйнактуу, ресурсту натыйжалуу пайдаланган жана туруктуу шаар турмушуна өбөлгө түзгөн шаардык өнүгүү.

CONSERVATION

All of the processes of looking after a heritage place so as to retain its cultural or natural heritage significance. In some English-speaking countries, the term preservation is used as an alternative to conservation for this general activity.

СОХРАНЕНИЕ

Комплекс процессов ухода за объектом наследия с целью сохранения его культурного или природного значения. В некоторых англоязычных странах альтернативой термину «conservation» выступает «preservation» для описания этого вида деятельности.

САКТАП КАЛУУ

Мурас объекттердин маданий же табигый маанисин сактап калуута багытталган иш-чаралардын жыйындысы. Айрым англис тилдүү өлкөлөрдө бул иш-аракет "коргоп калуу" термини менен айтылат.

CONTINUITY

Maintaining the protection and provision of services, flows, and structures in order to save and preserve inhabitants' lives and livelihoods.

НЕПРЕРЫВНОСТЬ

Сохранение и продолжение предоставления услуг, процессов и структур, направленных на защиту жизни и благополучия городских обитателей.

ҮЗГҮЛТҮКСҮЗДҮК

Шаар тургундары үчүн коопсуз жашоо жана бакубатчылыкка багытталган кызмат көрсөтүүлөрдү, процесстерди жана түзүмдөрдү сактап жана камсыз кылууну улантуу.

CONTINUUM OF LAND RIGHTS APPROACH

The continuum of land rights is gaining traction globally as a metaphor to guide policies and strategies to improve equity in land tenure and land transactions, and to increase official recognition of different tenure types that provide various levels of security.

КОНТИНУУМ ЗЕМЕЛЬНЫХ ПРАВ

Континуум земельных прав набирает обороты во всем мире как метафора, определяющая политику и стратегии, направленные на повышение справедливости в землевладении и сделках с землей, а также на повышение официального признания определенных типов владения землей в целях обеспечения уровней безопасности.

ЖЕР УКУКТАРЫНЫН КОНТИНУУМУ

Жерге болгон укуктун континууму метафора катары дүйнө жүзү боюнча белгилүү болууда, ал жерге ээлик кылуунун айрым түрлөрүн формалдуу түрдө таануу жаатында саясаттарды жана стратегияларды аныктайт, анын максаты - жерди пайдаланууда жана жер бүтүмдөрү боюнча адилеттүүлүктү жакшыртуу жана коопсуздук деңгээлин камсыз кылуу болуп саналат.

CREATIVE CITIES

Urban areas where cultural activities are integral to economic and social functioning.

КРЕАТИВНЫЕ ГОРОДА

Городские территории, где культурная деятельность является неотъемлемой частью экономического и социального функционирования.

ЧЫГАРМАЧЫЛ ШААРЛАР

Маданий иш-чаралар экономикалык жана социалдык ишмердүүлүктүн ажырагыс бөлүгү болуп саналган шаар аймактары.

CRISIS MANAGEMENT

All processes which aim at repelling the emergence and reducing the impact of crises and disasters, i.e., crisis management usually involves multiple actors with different responsibilities.

УПРАВЛЕНИЕ КРИЗИСОМ

Все процессы, направленные на предотвращение возникновения и снижение последствий кризисов и стихийных бедствий, т. е. управление кризисами обычно включают в себя множество участников с разными обязанностями.

КРИЗИСТИ БАШКАРУУ

Бурулуштун, кескин өзгөрүүнүн жана кырсыктардын келип чыгышын алдын алууга жана кесепеттерин азайтууга багытталган бардык процесстер, б.а. кризистерди башкаруу адатта түрдүү милдеттер жүктөлгөн көптөгөн катышуучуларды камтыйт.

CULTURAL HERITAGE

The entire capital of knowledge derived from the development and experience of human practices, and from the patial, social and cultural constructions linked to it, which may be encapsulated in the word, ‘memory’.

КУЛЬТУРНОЕ НАСЛЕДИЕ

Весь капитал знаний, полученный в результате развития и на основе опыта человеческой деятельности, а также на основе связанных с ним пространственных, социальных и культурных конструктов, которые могут быть кратко выражены в слове «память».

МАДАНИЙ МУРАС

Адамдын иш-аракетинин өнүгүшүнөн жана тажрыйбасынан, ошондой эле аны менен байланышкан мейкиндик, социалдык жана маданий түзүлүштөрдөн алынган билимдин бүтүндөй капиталы, "эс тутум" деген сөз менен камтылышы мүмкүн.

DATABASE

A database is simply a structured and systematic way of storing information to be accessed, analyzed, transformed, updated and moved (to other databases).

БАЗА ДАННЫХ

База данных — обычно это структурированный и систематический способ хранения информации, к которой можно получить доступ, анализировать, преобразовывать, обновлять и перемещать (в другие базы данных).

МААЛЫМАТ БАЗАСЫ

Маалыматтар базасы, адатта белгилүү түзүлүштө жана системада топтоштурулган маалыматтар, аларды көрүүгө, талдоого, өзгөртүүгө, жаңылоого жана жылдырууга (башка маалымат базаларына) болот.

DECENT WORK

Work that is productive, delivers a fair income, and provides security and social integration.

ДОСТОЙНЫЙ ТРУД

Работа, которая является продуктивной, приносит справедливый доход и обеспечивает безопасность и социальную интеграцию.

ҮЗҮРЛҮҮ МЭЭНЕТ

Натыйжалуу жана адилеттүү киреше алып келүүчү, ошондой эле коопсуздукту жана социалдык жуурулушууну камсыз кылган жумуш.

DIS-AGGLOMERATION ECONOMIES

Economic inefficiencies that arise from agglomeration. Costs like pollution, congestion, and crime that come with city density when not well managed.

ИЗДЕРЖКИ АГЛОМЕРАЦИИ

Экономическая неэффективность, возникающая в результате агломерации. Издержки, такие как загрязнение окружающей среды, пробки и преступность, возникающие из-за плотности города, которые не контролируются должным образом.

АГЛОМЕРАЦИЯНЫН ЧЫГЫМДАРЫ (КОРОМЖУЛАРЫ)

Агломерациянын натыйжасында келип чыккан экономикалык чыгымдар. Шаар талаптагыдай көзөмөлдөнбөй калса, андагы калктын жыштыгынан келип чыккан булгануулар, жол тыгындары жана кылмыштуулук сыяктуу чыгымдар пайда болот.

DIVERSITY

Multiplicity of forms and behaviors including variability in the response to disruptions.

РАЗНООБРАЗИЕ

Разнообразие форм и моделей поведения, включая изменчивость реакции на сбои.

АР ТҮРДҮҮЛҮК

Түрдүү кырдаалдарга ылайык жүрүм-турумдун жана формалардын ар башка үлгүлөрү.

ECOSYSTEM

A functional unit consisting of living organisms, their non-living environment and the interactions within and between them. In the current era, most ecosystems either contain people as key organisms, or are influenced by the effects of human activities in their environment.

ЭКОСИСТЕМА

Это функциональная единица, состоящая из живых существ, а также неживые объекты экосистемы и их взаимодействия с природой и между собой. В нынешнюю эпоху большинство экосистем либо включают людей в качестве основных организмов, либо находятся под влиянием воздействия человеческой деятельности на их окружающую среду.

ЭКОСИСТЕМА

Тирүү жандыктардын байырлаган чөйрөсү, алардын жаратылыш менен жана өз ара мамилесин камтыган функционалдык бирдик. Азыркы учурда көпчүлүк экосистемалар адам баласын негизги организм катары камтыйт, же болбосо адам ишмердигинин таасирине дуушар болушат.

ECOSYSTEM SERVICES AND BENEFITS

The benefits people obtain from ecosystems include provisioning services such as food and water; regulating services such as flood and disease control; cultural services such as spiritual, recreational, and cultural benefits; and supporting services, such as nutrient cycling, that maintain the conditions for life on Earth.

ЭКОСИСТЕМНЫЕ УСЛУГИ И ВЫГОДЫ

Выгоды, которые люди получают от экосистем включают услуги снабжения такие, как питание и вода; услуги регулирования такие, как борьба с наводнениями и контроль заболеваний; услуги по обеспечению духовных, рекреационных и культурных благ; и вспомогательные услуги такие, как обеспечение пищевой цепочки, которые поддерживают условия для жизни на Земле.

ЭКОСИСТЕМАЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР ЖАНА ПАЙДАЛАР

Экосистемалардын адам үчүн пайдасы бир нече кызматтардан турат, алар камсыздоо кызматы, мисалы тамак-аш жана суу; жөнгө салуу кызматы, мисалы суу ташкынына жана ооруларга каршы күрөшүү; жыргалчылык тартуулаган рухий, эс алуу жана маданий кызматтар; жана Жердеги жашоо шарттарын колдогон тамак-аш тутуму сыяктуу көмөкчү кызмат көрсөтүүлөр.

EMBODIED ENERGY

The total expenditure of energy involved in the creation of both the building and its constituent materials. Note: the energy expended to build the structure is 15 to 40 times its annual energy use. Current ratings systems, in easuring annual energy/operating costs, do not account for this embodied energy.

ВОПЛОЩЕННАЯ (СУММАРНАЯ) ЭНЕРГИЯ

Суммарные затраты энергии, задействованной как на строительство здания, так и на производство составляющих его материалов. Примечание: энергия, затрачиваемая на строительство сооружения, в 15–40 раз превышает годовое потребление энергии этим сооружением. Текущие рейтинговые системы не учитывают воплощенную энергию при оценке ежегодных энергетических/эксплуатационных расходов.

ЖАЛПЫ (КАМТЫЛГАН) ЭНЕРГИЯ

Имаратты курууга жана ага колдонгон курулуш материалдарын өндүрүүгө кеткен жалпы энергия чыгымдары. Эскертүү: имаратты куруу үчүн сарпталган жалпы энергия ошол эле имараттын бир жылдык колдонгон энергиясынан 15-40 эсе көп болот. Учурдагы рейтинг (баалоо) системалары имараттын жылдык энергия сарптоо/эксплуатациялык чыгымдарды баалоодо жалпы (камтылган) энергияны эске алышпайт.

EVICTION

Eviction is an order that a person or persons must vacate the place where they reside on a specified date or time.

ВЫСЕЛЕНИЕ

Выселение – это приказ о том, что лицо или лица должны покинуть место своего проживания в определенную дату или время.

ТУРАК ЖАЙДАН ЧЫГАРУУ

Турак жайдан чыгаруу – белгиленген күнү же убакытта адам же адамдар жашаган турак жайын бошотууга берилген буйрук

FLEXIBILITY

The ability of a system to cope with environmental changes.

ГИБКОСТЬ

Способность системы справляться с изменениями окружающей среды.

ИЙКЕМДҮҮЛҮК

Айлана-чөйрөнүн өзгөрүүсүнө системанын туруштук берүү жөндөмү.

FLOOR AREA RATIO

Floor Area Ratio is the proportion of built-up area to the total area of the plot of land. FAR is used by local authorities in zoning codes to measure the density of a site being developed and control the size of buildings.

КОЭФФИЦИЕНТ ПЛОЩАДИ

Коэффициент площади этажа – это отношение застроенной площади к общей площади земельного участка. КП используется местными властями в кодексах зонирования для измерения плотности застраиваемой территории и контроля размеров зданий.

КАБАТ АЯНТЫНЫН КАТЫШЫ

Кабат аянтынын катышы - курулган аянттын жер участогунун жалпы аянтына болгон катышы. Ал жерди пайдалануу эрежелерине ылайык жергиликтүү бийлик органдары тарабынан иштелип жаткан участоктун тыгыздыгын өлчөө жана имараттардын көлөмүн көзөмөлдөө үчүн колдонулат.

GATED COMMUNITIES

Gated communities are residential communities that are exclusionary or segregated that have a physical barrier or guards to keep non-residents out.

ЗАКРЫТЫЕ СООБЩЕСТВА

Закрытые поселки — это жилые поселки, которые являются изолированными или/и, имеют физический барьер или охрану, не допускающую проникновения посторонних лиц.

ЖАБЫК ЖАМААТТАР

Жабык жамааттар – бул бөтөн адамдарды киргизбөө үчүн физикалык тосмолору же күзөтчүлөрү бар жабык же обочолонгон турак жай жамааттары.

GENERAL ASSEMBLY OF PARTNERS

The General Assembly of Partners (GAP) is a multi-stakeholder partnership platform that convenes numerous unique organizations working on housing and sustainable urban development.

ГЕНЕРАЛЬНАЯ АССАМБЛЕЯ ПАРТНЕРОВ

Генеральная ассамблея партнеров (GAP) — это партнерская платформа с участием многих заинтересованных сторон, объединяющая множество уникальных организаций, работающих в области жилья и устойчивого городского развития.

ӨНӨКТӨШТӨРДҮН ГЕНЕРАЛДЫК АССАМБЛЕЯСЫ

Өнөктөштөрдүн Башкы ассамблеясы (GAP) – бул турак жай жана шаарды туруктуу өнүктүрүү боюнча иштеген көптөгөн уникалдуу уюмдардын башын бириктирген көп тараптуу өнөктөштүк платформасы.

GLOBAL TASK FORCE FOR LOCAL AND REGIONAL GOVERNMENTS

A coordination mechanism that brings together the major international networks of local governments to undertake joint advocacy relating to international policy processes.

ВСЕМИРНАЯ РАБОЧАЯ ГРУППА ДЛЯ МЕСТНЫХ И РЕГИОНАЛЬНЫХ ОРГАНОВ ВЛАСТИ

Координационный механизм, который объединяет основные международные сети местных органов власти для проведения совместной пропаганды, связанной с международными политическими процессами.

ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖАНА РЕГИОНДУК БИЙЛИК ОРГАНДАРЫ ҮЧҮН БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК ЖУМУШЧУ ТОП

Эл аралык саясат процесстерине байланыштуу биргелешкен пропаганданы жүргүзүү үчүн жергиликтүү бийлик органдарынын негизги эл аралык тармактарын бириктирген координациялоо механизми.

GOOD QUALITY LAW

The aim of all lawmakers is the production of legislation and rules that are capable of producing the desired regulatory results as the policy makers of the government dictate these regulatory results.

КАЧЕСТВЕННЫЙ ЗАКОН

Целью всех законодателей является создание законодательства и правил, которые способны привести к желаемым результатам регулирования, поскольку политики правительства диктуют эти результаты регулирования.

САПАТТУУ МЫЙЗАМ

Бардык мыйзам чыгаруучулардын максаты - олуттуу натыйжаларды бере ала турган мыйзамдарды жана эрежелерди иштеп чыгуу, анткени өкмөттүк саясат ушундай жөнгө салуучу натыйжаларды талап кылат.

GREEN INFRASTRUCTURE (GI)

The network of natural and semi-natural features, green spaces, rivers, and lakes that intersperse and connect villages, towns, and cities.

ЗЕЛЕНАЯ ИНФРАСТРУКТУРА

Сеть природных и полуприродных объектов, зеленых насаждений, рек и озер, которые чередуются и соединяют деревни, поселки и города.

ТАБИЯТ (ЖАШЫЛ) ИНФРАТҮЗҮМ

Айылдарды, шаарчаларды жана шаарларды бириктирип турган табигый жана жарым табигый объекттердин, жашыл мейкиндиктердин, дарыялардын жана көлдөрдүн тармагы.

GREENHOUSE GASES (GHG)

Greenhouse gases are those gaseous constituents of the atmosphere, both natural and anthropogenic, that absorb and emit radiation at specific wavelengths within the spectrum of infrared radiation emitted by the Earth's surface, the atmosphere, and clouds.

ПАРНИКОВЫЕ ГАЗЫ (ПГ)

Парниковые газы — это те газообразные составляющие атмосферы, как природного, так и антропогенного происхождения, которые поглощают и излучают излучение определенных длин волн в спектре инфракрасного излучения, испускаемого поверхностью Земли, атмосферой и облаками.

ПАРНИК ГАЗДАРЫ (ПГ)

Парник газдары – Жер бетинен, атмосферадан жана булуттардан бөлүнүп чыккан инфракызыл нурлануу спектринин ичинде белгилүү бир толкун узундугундагы нурланууну өзүнө сиңирип алган жана чыгарган атмосферанын табигый жана антропогендик газ түрүндөгү курамы.

HABITABILITY

Housing must guarantee physical safety and provide adequate space, as well as protection against the cold, damp, heat, rain, wind, other threats to health, and structural hazards.

ОБИТАЕМОСТЬ

Жилье должно гарантировать физическую безопасность и обеспечивать достаточное пространство, а также защиту от холода, сырости, жары, дождя, ветра, угроз здоровью и других структурных опасностей.

ЖАШООГО (ЖЕРДӨӨГӨ) ЫЛАЙЫКТУУЛУК

Турак жай адамдын физикалык (дене) коопсуздугуна кепилдик берүүсү керек жана тийиштүү мейкиндикти камсыз кылууга, ошондой эле суктан, нымдуулуктан, ысыктан, жамгырдан, шамалдан коргоого, ден соолук үчүн кооптуу жана түзүмдүк коркунучтардан сакташы керек.

HERITAGE

Heritage, made up of sites, landscapes, traditions and knowledge, reflects the identity and values of a society and passes them on from generation to generation; the preservation of this heritage fosters the sustainability of development.

НАСЛЕДИЕ

Наследие, включающее объекты, ландшафты, традиции и знания, отражает самобытность и ценности общества и служит для их передачи из поколения в поколение; сохранение такого наследия способствует устойчивому развитию.

МУРАС

Мурас өзүнө объектилерди, ланшафтарды, каада-салттарды жана билимдерди камтыйт жана коомго таандык баалуулуктарды жана өзгөчөлүктөрдү чагылдырат жана аларды муундан муунга өткөрүп берүүгө кызмат кылат; мындай мурасты сактоо туруктуу өнүгүүгө өбөлгө түзөт.

HERITAGE PLACE

Heritage Place describes a site or area of heritage significance that contains: a number of buildings and structures; a cultural landscape; a monument, building or other structure; or a historic human settlement, together with the associated contents and surroundings or curtilage. Heritage places include those which may be buried or underwater, and can evolve to include other spaces, as the definition for heritage evolves and hanges.

ОБЪЕКТ НАСЛЕДИЯ

Объект наследия означает объект или область, обладающие культурно-исторической ценностью, которая может включать: ряд зданий и сооружений; культурный ландшафт; памятник, здание или другое сооружение; или историческое поселение вместе с соответствующим содержимым и окружающей средой или прилежащей территорией. К объектам наследия относятся в том числе погребенные под землей или водой объекты, при чем объекты наследия могут развиваться и охватывать новые пространства, поскольку само определение наследия также развивается и изменяется.

МУРАС ОБЪЕКТТЕРИ

Мурас объекттери маданий-тарыхый баалуулукка ээ болгон объектти же аймакты билдирет, аларга имараттар жана курулмалар, маданий ландшафт, эстеликтер же башка курулмалар же тарыхый конуштар жана ал жерге таандык буюмдар жана чектеш чөлкөмдөр кирет. Мурас объектилерине жер же суу астында калып кеткен объектилер да кирет, мында мурас объектилери өнүгүп, жаңы мейкиндиктерди камтышы мүмкүн, анткени мурастын аныктамасы да өнүгүп, өзгөрүп турат.

HISTORIC URBAN LANDSCAPE

An urban area understood as the result of a historic layering of cultural and natural values and attributes extending beyond the notion of "historic centre" or "ensemble" to include the broader urban context and its geographical setting.

ИСТОРИЧЕСКИЙ ГОРОДСКОЙ ЛАНДШАФТ

Городская территория, понимаемая как результат исторического наслоения культурных и природных ценностей и атрибутов, выходящего за рамки понятия «исторический центр» или «архитектурный ансамбль» и включающего более широкий городской контекст и его географическое положение.

ТАРЫХЫЙ ШААР ЛАНДШАФТЫ

Шаар аймагы адатта "тарыхый борбор" же "архитектуралык ансамбль (шайкештик)" түшүнүгүнөн тышкары, кыйла кеңири шаар контексин жана аны географиялык абалын камтуу менен тарыхый доорлордон калган маданий жана табигый баалуулуктардын калың катмары деп түшүнүлөт.

INCIDENT

